# Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу

*(2013-жылдын февраль айы)*

Февраль айы ичинде ликвиддүүлүктүн орточо күндүк деңгээлинин өткөн айдагы 4 млрд. сомдон 3,3 млрд. сомго чейин төмөндөгөн, ал негизинен, кароого алынып жаткан мезгилдин экинчи жарымында алдыңкы төрт банктын эки катышуучусунда ашыкча камдар көрсөткүчтөрүнүн азайышынын натыйжасында болгон (1-график). Мында, репо шарттарында эң эле талап кылынган карыз алуулар боюнча бүтүмдөр дээрлик мурдагы айдагы – январь айындагы шарттарда эле жүргүзүлүп келген, ресурстар жылдык 3,3 пайыз чен боюнча (-0,1 пайыздык пункт) орточо алганда 3 күнгө берилген. “Овернайт” кредиттерине суроо-талап да төмөндөгөн, алардын көлөмү январдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 44,4 пайызга, 91,2 млн. сомго чейин азайган.

***<u>1-график.</u>***

Коммерциялык банктардын ашыкча камдарынын (улуттук валютадагы) жана банктар аралык кредиттеринин көлөмүнүн динамикасы

*(млн. сом)*




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, үч ай катары менен улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер сегментинде жалгыз карыз алуучу катары иш алып барган рынок катышуучуларынын бири стандарттык кредиттик шарттарда 246,6 млн. сом алган, бул жыйынтыгында, сегментте берилген кредиттердин айлык көрсөткүчүнүн көбөйүшүнө гана эмес, жалпы ички банктар аралык кредиттөөнүн чогуу алгандагы көлөмүнүн өсүшүнө да алып келген.

Ошентип, ички банктар аралык карыз алуулар рыногунда операциялардын жалпы көлөмү январь айынын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 5,6 пайызга жогорулоо менен 475,8 млн. сомду түзгөн. Атап айтканда, улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин көлөмү ай ичинде 2,1 эсеге көбөйгөн, ал эми репо шарттарындагы операциялардын көлөмү, тескерисинче 30,8 пайызга, 229,1 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, банктар ортосунда чет өлкө валютасындагы кредиттик бүтүмдөр жүргүзүлгөн эмес.

Ай акырындагы жыйынтык боюнча, репо шарттарында карыз алышуулар жана “овернайт” кредиттери боюнча сакталып турган чендердин деңгээлинин алкагында, 11,3 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн (+4,1 пайыздык пункт) улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чендин олуттуу жогорулашы белгиленген. Мында, февраль айында сом түрүндө берилген кредиттердин орточо алынган төлөө мөөнөтү өткөн айдагы 179 күндүн ордуна 518 күндү түзгөн.

**2-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кредиторлордун концентрациялануу индекси ай ичинде 0,27ден 0,28ге чейин жогорулаган, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси 2013-жылдын январь айындагы 0,23түн ордуна 0,36ны түзгөн. Бул индекстердин мааниси рыноктун концентрациялануусунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүшкө ээ төрт кредитордун жана үч карыз алуучунун катышуусуна ылайык келет.

***<u>3-график.</u>***
Резидент эмес–банктар менен чет өлкө валютадагы бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредиттик рынокто операциялардын көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы




Резидент эмес-банктар менен валюта түрүндө келишилген кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү январь айынын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 44,8 пайызга төмөндөө менен 788,1 млн. сомдук эквивалентти түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, АКШ долларында гана жүргүзүлгөн резидент эмес-банктар менен кредиттик операциялар боюнча орточо салмакталып алынган пайыздык чен 0,7 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (-0,6 пайыздык пункт).

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Февраль'2012 | 40.0 | 1 | 10.0 | - | - | 40.0 | 10.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 250.0 | 2 | 6.0 | 150.0 | 8.0 | 100.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 177.0 | 4 | 6.6 | 25.0 | 3.0 | 152.0 | 7.2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 160.0 | 3 | 8.0 | - | - | 160.0 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 150.0 | 3 | 7.8 | - | - | 100.0 | 7.8 | 50.0 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 100.0 | 2 | 8.0 | - | - | 50.0 | 8.0 | 50.0 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 480.6 | 11 | 7.7 | 75.0 | 4.0 | - | - | 23.5 | 9.0 | 22.4 | 9.0 | 80.2 | 10.1 | - | - | 120.8 | 9.6 | 69.0 | 6.5 | 89.7 | 6.5 |
| Январь'2013 | 119.1 | 3 | 7.2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 119.1 | 7.2 | - | - | - | - |
| Февраль | 246.6 | 3 | 11.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 47.8 | 7.0 | 47.8 | 7.0 | 151.0 | 14.0 |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Февраль'2012 | 522.5 | 15 | 10.4 | 173.7 | 10.4 | 348.8 | 10.4 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | 525.9 | 19 | 9.3 | 95.2 | 9.0 | 430.7 | 9.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 242.8 | 7 | 7.1 | 104.7 | 7.0 | 138.0 | 7.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 792.7 | 15 | 7.7 | 190.1 | 7.5 | 602.5 | 7.8 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 820.6 | 19 | 8.2 | 231.5 | 8.2 | 534.6 | 8.2 | 54.4 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 261.4 | 4 | 7.8 | - | - | 261.4 | 7.8 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 578.4 | 10 | 8.0 | 13.2 | 8.0 | 565.2 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 620.7 | 11 | 8.0 | 98.1 | 8.0 | 522.6 | 8.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 389.2 | 5 | 6.6 | 100.1 | 7.5 | 289.1 | 6.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 841.7 | 12 | 4.5 | 41.6 | 4.0 | 800.1 | 4.5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 90.7 | 3 | 3.5 | - | - | 67.2 | 3.5 | 23.5 | 3.5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2013 | 331.2 | 6 | 3.3 | - | - | 298.2 | 3.3 | 33.1 | 3.5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | 229.1 | 6 | 3.3 | - | - | 229.1 | 3.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |

**3-таблица. Резидент банктардын ортосунда четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Февраль'2012 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | 70.1 | 4 | 0.0 | - | - | 23.4 | 0.0 | 23.4 | 0.0 | 23.4 | 0.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 112.4 | 6 | 0.0 | - | - | 89.0 | 0.0 | 23.5 | 0.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 38.4 | 4 | 0.2 | 3.2 | 3.0 | 35.3 | 0.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 56.0 | 4 | 0.5 | 2.9 | 3.0 | 53.1 | 0.3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 33.0 | 1 | 0.0 | - | - | 33.0 | 0.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 33.1 | 6 | 3.0 | 24.1 | 3.0 | 9.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 7.6 | 1 | 3.0 | - | - | 7.6 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 18.2 | 3 | 3.0 | 12.2 | 3.0 | 6.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 13.0 | 1 | 3.0 | 13.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2013 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |